**Автордук укук жана чектеш укуктар объектилерин пайдалануу укугуна**

*(көңүл ачуу жайлары, коомдук тамактануу ишканалары, адистештирилген соода ишканалары үчүн)*

## № А ________ЛИЦЕНЗИЯЛЫК КЕЛИШИМ

**Бишкек ш.** **20___-ж. «__»_______**

Бир тараптан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 20-февралындагы №131 токтому менен бекитилген Кыргызпатент жөнүндө жобонун негизинде иштеп жаткан ____________________________________________ атынан

*(кызмат орду, Ф.А.А.)*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматы, мындан ары **«Кыргызпатент»** деп аталуучу жана экинчи тараптан ____________________________________________ атынан

*(Ф.А.А.)*

____________________________________________ ылайык өз ишин жүргүзүп жаткан,

*(документтин аталышы, датасы жана номери)*

____________________________________________

*(ишкананын, имараттын аталышы)*

мындан ары «**Пайдалануучу**», *(Ф.А.А.)*

ал эми бирге **«Тараптар»** деп аталуучулар, «Автордук укук жана чектеш укуктар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу максатында жана төмөнкүлөрдү эске алып:

**а)** Кыргызпатент «Автордук укук жана чектеш укуктар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык автордук жана чектеш укуктар чөйрөсүндө мамлекеттик башкарууну жүргүзөт, ошондой эле мыйзамдарга ылайык Кыргыз Республикасынын авторлорунун жана чектеш укуктар ээлеринин жана эл аралык келишимдердин негизинде чет өлкөлүк авторлор менен чектеш укуктар ээлеринин кызыкчылыгын көрсөткөн авторлордун жана чектеш укуктар ээлеринин мүлктүк укуктарын жамааттык башкаруу боюнча уюмдун милдеттерин аткарат, Пайдалануучуга ушул Лицензиялык келишим менен белгиленген автордук жана чектеш укуктар объектилерин пайдаланууга укук берет;

**б)** Пайдалануучу[1] ушул Лицензиялык келишимдин шартында өз ишин жүргүзүү үчүн жалпыга жарыяланган чыгармаларды[2], аткарууларды же фонограммаларды жалпы эл алдында көрсөткөндүгү, жалпы эл алдында аткаргандыгы же жалпыга маалымдап кабарлагандыгы үчүн уруксат алууну каалап,

төмөнкүлөр жөнүндө ушул Лицензиялык келишимди түзүштү:

### 1. ЛИЦЕНЗИЯЛЫК КЕЛИШИМДИН ШАРТЫ

1.1. Кыргызпатент Пайдалануучуга ушул Лицензиялык келишимдин шартында ____________________________________________ дареги боюнча жайгашкан , анын ээси Пайдалануучу болуп саналган (анын ичинде ижара укугунда) ____________________________________________

*(Пайдалануучунун ишканасынын, мекеменин аты)*

жалпыга жарыяланган чыгармаларды, аткарууларды же фонограммаларды жалпы эл алдында көрсөткөндүгү, жалпы эл алдында аткаргандыгы же жалпыга маалымдап кабарлагандыгы үчүн өзгөчөлүксүз укук (уруксат) берилет.

*1. «Автордук жана (же) чектеш укуктарды пайдалануучулар» - автордук укук жана чектеш укуктар объектилерин пайдалануучу кайсы болбосун жеке жана юридикалык жактар.*

*2. «ЧЫГАРМАНЫ ЖАЛПЫГА ЖАРЫЯЛОО» - автордунмакулдугу менен чыгарманы жарыялоо, жалпыга көрсөтүү, эл алдында аткаруу, эфирде берүү аркылуу же башка жол менен жалпыга маалым кылуу үчүн ишке ашырылган алгачкы ирет жалпы элге жеткирүү аракети.*

1.2. Берилген укугу үчүн Пайдалануучу ушул Лицензиялык келишимде белгиленген өлчөмдө автордук сый акы төлөөгө милдеттенет.

1.3. Пайдалануучу үчүнчү тарапка ушул Лицензиялык келишим боюнча автордук жана чектеш укуктар объектилерин жалпы эл алдында көрсөткөндүгү, жалпы эл алдында аткаргандыгы же жалпыга маалымдап кабарлагандыгы үчүн алган укугун Кыргызпатенттин буга жазуу түрүндөгү макулдугусуз кайра ыйгарып берүүгө укуксуз.

1.4. Бул Лицензиялык келишим анда айтылып өткөн чыгармаларды, аткарууларды жана фонограммаларды пайдалануу ыкмаларына жайылтылбайт.

## 2. ТАРАПТАРДЫН МИЛДЕТТЕРИ

2.1. **Пайдалануучу төмөнкүлөргө милдеттенет:**

**-** бул Лицензиялык келишимдин 2.1-пунктунда каралган автордук сый акыларды өз убагында төлөп берүүгө;

- бул Лицензиялык келишимдин шарттарын сактоо үчүн контролдоого автордук жана чектеш укуктар объектилерин жалпы эл алдында аткарууга, көрсөтүүгө же жалпы маалымат үчүн кабарлоого байланыштуу кандай иш-чараларга болбосун Кыргызпатенттин ыйгарым укуктуу өкүлүн тоскоолдуксуз жана акысыз киргизүүгө;

- бул Лицензиялык келишим боюнча авторлор, аткаруучулар жана укук ээлери менен алардын чыгармаларын пайдалангандыгы үчүн фонограммаларга бардык эсептешүүлөр Кыргызпатент аркылуу гана жүргүзүлөт;

- автордук жана чектеш укуктар объектилерин пайдалангандыгын токтоткон учурда (убактылуу же ишкананын, имараттын оңдоо иштери учурунда) Пайдалануучу токтогон учурдан тартып, **30 (отуз) календардык күндүн** ичинде Кыргызпатентке бул тууралуу билдирүүгө милдеттүү. Автордук жана чектеш укуктар объектилерин пайдалангандыгын токтоткондугу жөнүндө кабарлоо жиберилбесе, Пайдалануучу автордук жана чектеш укуктар объектилерин пайдаланууну улантат жана бул Лицензиялык келишим боюнча милдеттерди аткарууга даяр.

2.2. **Кыргызпатент төмөнкүлөргө милдеттенет:**

- авторлордун, алардын укук мураскорлорунун, аткаруучулардын жана укук ээлеринин бул Лицензиялык келишим боюнча алардын чыгармаларын пайдаланууга байланыштуу бардык мүмкүн болгон мүлктүк талаптарды Пайдалануучуга карата фонограммаларга укуктарды жөнгө салууга;

- келип түшкөн автордук сый акынын жыйымдары Кыргыз Республикасынын колдонулуп жаткан мыйзамдарына ылайык бөлүштүрүлөт жана авторлорго, аткаруучуларга жана башка укук ээлерине төлөнүп берилет;

- Пайдалануучудан алган маалыматтарды жашырын сактоого.

## 3. ФИНАНСЫЛЫК ШАРТТАР, ЭСЕПТЕШҮҮ ЖАНА ДОКУМЕНТТЕРДИ БЕРҮҮ ТАРТИБИ

3.1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2002-жылдын 22-июлундагы №448 токтому менен бекитилген “Автордук укуктун жана чектеш укуктар объектилерин пайдалангандыгы үчүн автордук сый акылардын минималдык өлчөмдөрү жөнүндө” жобонун негизинде Пайдалануучу алар пайдаланган чыгармалар, аткаруулар жана фонограммалар үчүн Кыргызпатентке ай сайын:__________________________________________________________
___________________________________________________________________________________ сом
өлчөмдө төлөп берүүгө милдеттенет.

Автордук сый акынын белгиленген коюмун эсептеп чыгаруунун тартиби тиркемеге ылайык аныкталат, ал ушул Лицензиялык келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

3.2. Бул Лицензиялык келишимдин 2.1-пунктунда каралган автордук сый акыны Пайдалануучу ар бир ай бүткөндөн кийин **15 (он беш) календардык күндөн** кечиктирбестен, Кыргызпатенттин алыш-бериш эсебине которуп турат

3.3. 2.2-пунктунда белгиленген автордук сый акынын суммаларын которуунун мөөнөтүн бузгандыгы үчүн Пайдалануучу ар бир мөөнөтү өткөрүлгөн күн үчүн төлөп берилүүчү суммадан 0,1% өлчөмүндө туумду төлөйт, мында Пайдалануучу бул Лицензиялык келишим боюнча автордук сый акынын негизги суммасын төлөөдөн бошотпойт.

## 4. ТАЛАШ-ТАРТЫШТАРДЫ ЧЕЧҮҮ

4.1. Тараптар ушул Лицензиялык келишим боюнча өз милдеттерин аткарбагандыгы же тиешелүү түрдө аткарбагандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын колдонулуп жаткан мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат.

4.2. Кыргызпатент менен Пайдалануучунун ортосунда ушул Лицензиялык келишимден келип чыккан маселелер боюнча же ушуларга байланыштуу келишпестиктер жана талаш-тартыштар келип чыккан учурда, Тараптар аларды сүйлөшүүлөр аркылуу чечүүгө бардык чараларды көрүшөт.

4.3. Талаш-тартыштарды сүйлөшүүлөр аркылуу чечүүгө болбогон учурда, алар Кыргыз Республикасынын колдонулуп жаткан мыйзамдарына ылайык сотто чечилет.

4.4. Тараптар күтүлбөгөн абалдын жана чукул кырдаалдын себептеринен ушул Лицензиялык келишим боюнча өз милдеттерин аткарбагандыгы үчүн жоопкерчиликке тартылбайт, алар ушул Лицензиялык келишим үчүн кесепеттерге алып келиши мүмкүн.

Форс-мажор абалына таянган Тарап ушундай абалды тастыктаган расмий документтерди (тиешелүү мамлекеттик органдардан же башка компетенттүү органдардан берилген документ жетишерлик болот) **5 (беш) күндүн** ичинде бериши керек.

## 5. ЛИЦЕНЗИЯЛЫК КЕЛИШИМДИН КҮЧҮНҮН МӨӨНӨТҮ ЖАНА АНЫ БУЗУУНУН ШАРТТАРЫ

5.1. Бул Лицензиялык келишим 20__-жылдын «___»_______ тартып күчүнө кирет жана **1 (бир) жыл** күчүндө болот. Лицензиялык келишимдин күчүнүн мөөнөтү өзүнөн-өзү кийинки жылга узартылат.

5.2. Бул Лицензиялык келишим төмөнкүдөй негиздер боюнча бузулат:

- Пайдалануучу тиешелүү компетенттик органдардан анын иши токтотулгандыгын тастыктаган документти берген учурда, Лицензиялык келишим иши анык токтотулган датадан тартып, бузулган болуп саналат;
- Пайдалануучу автордук укук жана чектеш укуктар объектилерин пайдаланууну токтоткон учурда, инспектор Автордук укук жана чектеш укуктар объектилерин пайдаланууну токтоткондугу жөнүндө актыны түзөт;
- Пайдалануучу имаратты, ишкананы ижарага берген учурда;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка учурларда.

Пайдалануучу келишим бузула турган датага чейин эң кем болгондо **30 (отуз) календардык күн** калганга чейин Лицензиялык келишимди бузуу жөнүндө (себебин көрсөтүү менен) Кыргызпатентке жазуу түрүндө кабарлайт.

К моменту прекращения Бул Лицензиялык келишимди токтотуу учурунда Талаптар өз ара эсептешет.

5.4. Бул Лицензиялык келишимди бузуу Пайдалануучуну кошуп эсептелген туумду эсепке алуу менен автордук сый акынын бересе суммасын төлөөдөн бошотпойт.

5.5. Бул Лицензиялык келишимди бузуу Пайдалануучуну автордук жана чектеш укуктар объектилерин пайдалануу укугунан ажыратат.

5.6. Лицензиялык келишим бузулгандан кийин Пайдалануучу автордук жана чектеш укуктар объектилерин пайдаланса, Пайдалануучу Кыргыз Республикасынын колдонулуп жаткан мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартылат.

## 6. БАШКА ШАРТТАР

6.1. Уюштуруу-укуктук формасы, иш мүнөзү өзгөргөн же өз ишин токтоткон Тарап бул тууралуу башка Тарапка жазуу түрүндө өз убагында кабарлайт.

6.2. Ушул лицензиялык келишимде айтылбаган, бирок анын предметине байланыштуу шарттар Кыргыз Республикасынын колдонулуп жаткан мыйзамдарына ылайык жөнгө салынат.

6.3. Бул Лицензиялык келишим боюнча милдеттерди аткарууга байланыштуу Тараптардын ар биринин чыгымдары Тараптардын ар биринин өз күчтөрү менен жабылат.

6.4. Бөлүмдөрдүн аталыштары түшүнүүгө ыңгайлуу болгондугу үчүн кабыл алынган жана юридикалык так талкуулоого ээ эмес.

6.5. Бул Лицензиялык келишимге бардык өзгөртүүлөр жана толуктоолор эгер алар жазуу түрүндө түзүлсө жана буга Тараптардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү кол койгондо учурда гана анык болот.

6.6. Бул Лицензиялык келишим Тараптардын ар бири үчүн эки нускада түзүлгөн жана кол коюлган, экөө тең бирдей юридикалык күчкө ээ.

## 7. ТАРАПТАРДЫН ЮРИДИКАЛЫК ДАРЕКТЕРИ ЖАНА МААЛЫМДАРЕКТЕРИ

| | |
|---|---|
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматы<br>(Кыргызпатент)<br>Дареги: Бишкек ш., Москва көч. 62<br>Алыш-бериш эсеби 1280010007085284<br>БИК 128001<br>Кыргыз Инвестициялык-Кредиттик Банкы<br>KICB Kyrgyz Investment And Credit Bank<br>Бишкек ш., «Дордой плаза» Бизнес борбору<br>1-кабат<br><br>телефон: 680819; 681731<br>факс: 681703<br>E-mail: ____________________<br><br>_______________ _________________ ___________<br>(Кызмат орду) М.О. (Ф.А.А.) | Пайдалануучу<br>__________________________________________<br>__________________________________________<br><br>Дареги:_____________________________________<br>ЖНН:_______________________________________<br>Телефон:____________________________________<br>Факс:_______________________________________<br>E-mail: ____________________<br><br>______________________/_____________/<br>(Ф.А.А.) М.О. |

Лицензиялык келишимге
тиркеме_______________

**Белгиленген коюмду эсептеп чыгаруунун**
**ТАРТИБИ**

___________________________________________________________________________
*(ишкананын, мекеменин аталышы)*

___________________________________________________________________________
(*дареги, телефону*)

(С) автордук сый акынын белгиленген коюмунун суммасы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2002-жылдын 22-июлундагы №448 токтому менен бекитилген “Автордук укук жана чектеш укуктар объектилерин пайдалангандыгы үчүн автордук сый акылардын минималдык өлчөмдөрү жөнүндө” жобого ылайык эсептелет:

(N) отургузуучу орундардын саны ______________________________________________
(Сб) негизги коюм ____________________________________________________________
(Км) төлөөчүнүн жайгашкан жеринин коэффициенти ______________________________
(Кк) класстык коэффициенти ____________________________________
(Ко) "караоке" техникалык каражаттарынын жардамы менен музыкалык чыгармаларды пайдалангандыгы үчүн коэффициенти_____________________________________________
(Кж) "жандуу" аткарууда музыкалык чыгармаларды пайдалангандыгы үчүн коэффициент ___________________________________________________________________________

**С = Сб х Км х Кк х Ко х Кж = ____________________________________________**

Белгиленген коюмдун суммасынын жыйынтыгы төмөнкүнү түзөт:
___________________________________________________________________________
*суммасы жазуу менен*

____________________________________ ______________
*Пайдалануучунун Ф.А.А.* *колу*

____________________________________ ______________
*Инспектордун Ф.А.А.* *колу*

20__ -жылдын «_____»___________

Датасы

Лицензиялык келишимге
тиркеме______________

**Белгиленген коюмду эсептеп чыгаруунун**
**ТАРТИБИ**

___________________________________________________________________________

*(ишкананын, мекеменин аталышы)*

___________________________________________________________________________

(*дареги, телефону*)

(С) автордук сый акынын белгиленген коюмунун суммасы Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2002-жылдын 22-июлундагы №448 токтому менен бекитилген "Автордук укук жана чектеш укуктардын объектилерин пайдалангандыгы үчүн автордук сый акылардын минималдык өлчөмдөрү жөнүндө" жобого ылайык эсептелет:

(Р) музыкалык чыгарма пайдаланылуучу соода аянты (чарчы метр менен)
(Сб) негизги коюм **РП х Р/100=** _______________________________________________
(РП) эсептик көрсөткүч _______________________________________________
(Км) төлөөчүнүн жайгашкан жеринин коэффициенти ______________________________

**С = Сб Х Км = _______________________________________________**

Белгиленген коюмдун суммасынын жыйынтыгы төмөнкүнү түзөт:

___________________________________________________________________________

*суммасы жазуу менен*

_________________________________ ______________

*ПайдалануучунунФ.А.А.* *колу*

_________________________________ ______________

*Инспектордун ФА.А.* *колу*

20__ -жылдын «_____»___________

Датасы

**Автордук укук жана чектеш укуктар объектилерин пайдалануу укугуна**
**№ А ________ ЛИЦЕНЗИЯЛЫК КЕЛИШИМ**
*(коомдук тамактануунун сезондук ишканалары жана көңүл ачуучу жайлар үчүн)*

**Бишкек ш.** **«__»_______20__-ж.**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматы мындан ары “Кыргызпатент” деп аталып, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 20-февралындагы № 131 токтому менен бекитилген Кыргызпатент жөнүндө Жобонун негизинде иштеген ______________ ________________________________________________________________________ атынан

*(кызматы, аты-жөнү)*

жана мындан ары “Пайдалануучу” деп аталган ______________________________________ ____________________________________________________________________________

*(документтин аталышы, датасы жана номери)*

ылайык өзүнүн ишмердигин жүзөгө ашыруучу ______________________________________ ____________________________________________________________________________ _

(*ишкананын, мекеменин аталышы*)

_________________________________ атынан экинчи тараптан, бирге “Тараптар” деп аталып,

*(аты-жөнү*

Кыргыз Республикасынын “Автордук укук жана чектеш укуктар жөнүндө” Мыйзамын ишке ашыруу максатында төмөндөгүлөрдү эске алып:

**а)** Кыргызпатент Кыргыз Республикасынын “Автордук укук жана чектеш укуктар жөнүндө” Мыйзамына ылайык автордук жана чектеш укуктар мамилелери чөйрөсүндө мамлекеттик башкарууну жүзөгө ашырат, ошондой эле мыйзамдарга ылайык Кыргыз Республикасынын авторлорунун жана чектеш укуктар ээлеринин, эл аралык келишимдердин негизинде чет өлкөлүк авторлордун жана чектеш укуктар ээлеринин кызыкчылыктарын көрсөтүүчү авторлордун жана чектеш укуктар ээлеринин мүлктүк укуктарын жамааттык башкаруу боюнча уюмдун функцияларын жана милдеттерин аткарат, Пайдалануучуга автордук жана чектеш укуктар объектилерин пайдалануу ыкмасынын ушул Лицензиялык келишими менен аныкталган укуктарын берет;

Б) Пайдалануучу[1] өзүнүн ишмердүүлүгүн жүзөгө ашыруу үчүн жалпыга белгилүү чыгармаларды[2], аткарууларды жана фонограммаларды жалпыга кабарлоо үчүн, эл алдында көрсөтүүгө, эл алдында аткарууга же билдирүүгө ушул Лицензиялык келишимдин шарттарында уруксат алууну каалап,

төмөндөгүлөр жөнүндө ушул Лицензиялык келишимди түзүштү:

## 1. ЛИЦЕНЗИЯЛЫК КЕЛИШИМДИН ПРЕДМЕТИ

1.1. Кыргызпатент ушул Лицензиялык келишимдин шарттарында Пайдалануучуга «__»____20__-жылдан «__»____20__-жылга чейин ______________________________ ________________________________________ даректе жайгашкан (анын ичинде ижара укугунда) Пайдалануучу ээси болуп саналган ______________________________ сезондук

*(Пайдалануучунун ишканасынын, мекемесинин аталышы)*

мезгилде[3] чыгармаларды, аткарууларды жана фонограммаларды эл алдында көрсөтүүгө, эл

[1] *Автордук жана (же) чектеш укук ээлери – автордук укук жана чектеш укуктар объектилерин пайдалануучу кайсы болбосун жеке жана юридикалык жак.*

[2] *ЧЫГАРМАНЫ ЖАЛПЫ ЭЛГЕ ЖАРЫЯЛОО – чыгарманы жарыялоо, эл алдында көрсөтүү, эл алдында аткаруу, эфирге жана башка ыкмаларда берүү жолу менен жалпы элдин кабардар болуусу үчүн биринчи жолу аны жеткиликтүү кылуучу автордун макулдугу менен жүзөгө ашырылуучу аракет.*

[3] *Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 341-беренесине ылайык сезондук деп, климаттык жана башка жаратылыш шарттарынын*

алдында аткарууга же жалпыга кабарлоо үчүн билдирүүгө өзгөчөлүксүз укук (уруксат) берет.

1.2. Берилген укук үчүн Пайдалануучу ушул Лицензиялык келишимде белгиленген өлчөмдө автордук сый акы төлөөгө милдеттенет.

1.3. Пайдалануучу бул Лицензиялык келишимдин боюнча автордук жана чектеш укуктар объектилерин эл алдында көрсөтүүгө, эл алдында аткарууга же жалпыга кабарлоо үчүн билдирүүгө алган укугун буга Кыргызпатенттин жазуу жүзүндөгү макулдугусуз үчүнчү жакка кайра ыйгарып берүүгө укуксуз.

1.4. Бул Лицензиялык келишим анда көрсөтүлбөгөн чыгармаларды, аткарууларды жана фонограммаларды аткаруу ыкмасына жайылтылбайт.

## 2. ТАРАПТАРДЫН МИЛДЕТТЕРИ

2.1. **Пайдалануучу милдеттенет:**

- Ушул Лицензиялык келишимдин 2.1. пунктунда каралган автордук сый акыларды өз убагында төлөөгө;

- ушул Лицензиялык келишимдин шарттарын сактоого контроль кылуу үчүн автордук жана чектеш укуктар объектилерин эл алдында көрсөтүүгө, эл алдында аткарууга же жалпыга кабарлоо үчүн билдирүүгө байланышкан кайсы болбосун иш-чараларга Кыргызпатенттин ыйгарым укуктуу өкүлүн тоскоолдуксуз жана бекер киргизүүгө;

- Автордук укук жана чектеш укуктар объектилерин пайдаланууну токтоткон (убактылуу же ишкананы, мекемени оңдоп-түзөө) учурда Пайдалануучу токтоткон күндөн **5 (беш) календардык күндүн** ичинде бул жөнүндө Кыргызпатентке билдирүүгө милдеттүү. Автордук укук жана чектеш укуктар объектилерин пайдаланууну токтоткондугу жөнүндө кабарлоонун жок болушу Пайдалануучу автордук укук жана чектеш укуктар объектилерин пайдаланууну улантып жатканынын жана ушул Лицензиялык келишим боюнча милдеттерди аткарууга даяр экендигин факт жүзүндөгү тастыктоосу болуп саналат;

- авторлор, аткаруучулар жана фонограммалардын укук ээлери менен алардын чыгармаларынын пайдаланылгандыгы үчүн бардык эсептешүүлөр ушул Лицензиялык келишим боюнча Кыргызпатент аркылуу гана жүзөгө ашырылат.

2.2. **Кыргызпатент милдеттенет:**

- авторлордун, алардын укук мураскерлеринин, аткаруучулардын жана фонограммалардын укук ээлеринин ушул Лицензиялык келишим боюнча алардын чыгармаларынын пайдаланылгандыгына байланышкан Пайдалануучуга карата бардык мүмкүн болгон мүлктүк талаптарын жөнгө салууга;

- автордук сый акылардан түшкөн жыйымдар Кыргыз Республикасынын иштеп жаткан мыйзамдарына ылайык авторлорго, аткаруучуларга жана башка укук ээлерине бөлүштүрүлөт жана төлөнүп берилет;

- Кыргызпатент Пайдалануучудан алынган маалыматтардын жашырындуулугун сактоого милдеттенет.

## 3. ФИНАНСЫЛЫК ШАРТТАР, ЭСЕПТЕШҮҮЛӨРДҮН ТАРТИБИ ЖАНА ДОКУМЕНТАЦИЯ БЕРҮҮ

3.1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 220-жылы 22-июлдагы №488 токтому менен бекитилген “Автордук укук жана чектеш укуктар объектилерин пайдалануу үчүн автордук сый акылардын минималдык коюмдары жөнүндө” Жобонун негизинде Пайдалануучу ушул Лицензиялык келишимде белгиленген мөөнөттүн ичинде **ай сайын** Кыргызпатентке __________ ___________________________________________ сом өлчөмүндө ал тарабынан пайдаланылган чыгармалар, аткаруулар жана фонограммалар үчүн автордук сый акы төлөөгө милдеттенет.

Автордук сый акынын белгиленген коюмун эсептөөнүн тартиби ушул Лицензиялык келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналган тиркемеге ылайык аныкталат.

---

*күчүндө, белгиленген мезгилдин (сезондун) аралыгында, 6 айдан ашпаган, аткарылган иштер таанылат.*

Пайдалануучу автордук укукту жана чектеш укуктарды пайдаланган мезгили үчүн бир жолу төлөнүүчү төлөм менен автордук сый акыны алдын ала төлөө укугуна ээ.

3.2. ушул Лицензиялык келишимдин 2.1.-пунктунда каралган автордук сый акыны Пайдалануучу ар бир ай аякташынан кийин **10 (он) календардык күндөн** кеч эмес Кыргызпатенттин алыш-бериш эсебине которот.

3.3. 2.2.-пунктта белгиленген автордук сый акынын суммасын которуунун мөөнөтү бузулгандыгы үчүн Пайдалануучу ар бир өтүп кеткен күн үчүн төлөөгө жаткан суммадан 0,1% өлчөмүндө туум төлөйт, бул Пайдалануучуну ушул Лицензиялык келишим боюнча автордук сый акынын негизги суммасын төлөөдөн бошотпойт.

## 4. ТАЛАШТАРДЫ ЧЕЧҮҮ

4.1. Тараптардын бул Лицензиялык келишим боюнча өз милдеттерин аткарбоолору жана ылайыксыз аткаруулары Кыргыз Республикасынын иштеп жаткан мыйзамдарына ылайык өзүнөн жоопкерчиликти пайда кылат.

4.2. Ушул Лицензиялык келишимден жана ага байланыштуу келип чыккан маселелер боюнча Пайдалануучу менен Кыргызпатенттин ортосундагы келише албастыктар жана талаштар пайда болгон учурда Тараптар аларды сүйлөшүү жолу менен чечүүгө бардык чараларды колдонот.

4.3. Көрсөтүлгөн талаштарды сүйлөшүүлөр жолу менен чечүүгө мүмкүн болбогон учурда алар Кыргыз Республикасынын иштеп жаткан мыйзамдарына ылайык сотто чечилиши керек.

4.4. Тараптар, бул Лицензиялык келишим үчүн зыян боло турган, күтүлбөгөн жагдайлардын жана табигый кырсыктардын себептеринен ушул Лицензиялык келишим боюнча өз милдеттерин аткара албай калгандыктары үчүн жоопкерчилик тартпайт.

Форс-мажордук жагдайларга туш болгон Тараптар 5 (беш) күндүн ичинде ошондой жагдайларды күбөлөндүргөн (тиешелүү мамлекеттик же башка компетенттүү орган тарабынан берилген документ жетиштүү болуп саналат) тастыкталган расмий документтерди бериши керек.

## 5. ЛИЦЕНЗИЯЛЫК КЕЛИШИМДИН КҮЧҮНҮН МӨӨНӨТҮ ЖАНА АНЫ БУЗУУНУН ШАРТТАРЫ

5.1. Бул Лицензиялык келишим ага Эки Тарап кол койгондон тартып күчүнө кирет жана «___»_____________20__-жылга чейин күчүндө болот. Бул Лицензиялык келишимдин күчүнүн мөөнөтү кезектеги ар бир сезондук мезгилге узартылат.

5.2. Бул Лицензиялык келишим төмөнкү негиздер боюнча бузулат:

- Пайдалануучу тиешелүү компетенттүү орган тарабынан анын ишмердүүлүгүн токтотууну тастыктаган документти берген учурда Лицензиялык келишим анын ишмердүүлүгү факт жүзүндө токтогон датасынан тартып бузулду деп эсептелет;
- Пайдалануучу тарабынан автордук укук жана чектеш укуктар объектилерин пайдалануу токтотулган учурда. Мында инспектор тарабынан Автордук укук жана чектеш укуктар объектилерин пайдалануунун токтотулгандыгы жөнүндө акт түзүлөт;
- Пайдалануучу тарабынан мекеме, ишкана ижарага берилген учурда;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка учурларда.

Пайдалануучу келишим бузула турган датага чейин **10 (он) календардык күндөн кем эмес** убакытта Лицензиялык келишимди бузуу жөнүндө (себебин көрсөтүү менен) Кыргызпатентке жазуу түрүндө кабарландырат.

Ушул Лицензиялык келишимди токтотуу учуруна Тараптар өз ара эсептешүүлөрдү жүргүзөт.

5.3. Бул Лицензиялык келишимди бузуу Пайдалануучуну эсептелген туумду эсепке алуу менен автордук сый акыны төлөө боюнча карыздын суммасын төлөөдөн бошотпойт.

5.4. ушул Лицензиялык келишимди бузуу Пайдалануучунун автордук жана чектеш

укуктар объектилерин пайдаланууга укугун четтетет. Бирок Пайдалануучу Кыргызпатент менен тиешелүү Лицензиялык келишимди кайрадан түзүүгө укуктуу.

5.5. Пайдалануучу тарабынан ушул Лицензиялык келишим бузулгандан кийин автордук жана чектеш укуктар объектилерин пайдаланууда Пайдалануучу Кыргыз Республикасынын иштеп жаткан мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликтүү болот.

## 6. БАШКА ШАРТТАР

6.1. Уюштуруу-укуктук формада, ишмердүүлүк мүнөзүндө өзгөрүүлөр болгон, же өзүнүн ишин токтоткон Тараптар, бул жөнүндө өз убагында башка Тарапка жазуу жүзүндө кабарландырат.

6.2. Бул Лицензиялык келишимде эскертилбеген, бирок анын предеметине тиешеси бар шарттар Кыргыз Республикасынын иштеп жаткан мыйзамдарына ылайык жөнгө салынат.

6.3. Бул Лицензиялык келишим боюнча милдеттерин аткарууга байланышкан Тараптардын ар биринин чыгымдары Тараптардын ар биринин күчү менен жабылат.

6.4. Бөлүмдөрдүн аталыштары түшүнүүгө ыңгайлуу болсун үчүн кабыл алынды жана так юридикалык түшүндүрүүгө жатпайт.

6.5. Бул Лицензиялык келишимге бардык өзгөртүүлөр жана толуктоолор, эгерде алар жазуу жүзүндө жасалса жана Тараптардын ыйгарым укуктуу өкүлдөрү тарабынан кол коюлган учурда күчүндө болот.

6.6. Бул Лицензиялык келишим Тараптардын ар бири үчүн бирден, барабар күчкө ээ, эки нускада түзүлдү жана кол коюлду.

## 7. ТАРАПТАРДЫН ЮРИДИКАЛЫК ДАРЕКТЕРИ ЖАНА МААЛЫМДАРЕКТЕРИ

| | |
|---|---|
| Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Интеллектуалдык менчик жана инновациялар мамлекеттик кызматы (Кыргызпатент)<br>Дареги: Бишкек ш., Москва көч., 62<br>Алыш-бериш эсеби 1280010007085284<br>БИК 128001<br>Кыргыз Инвестициялык-Кредиттик Банк<br>KICB Kyrgyz Investment And Credit Bank<br>Бишкек ш., «Дордой плаза» Бизнес Борбору 1 кабат<br><br>телефон: 680819; 681731<br>факс: 681703<br>E-mail: ____________________<br><br>_______________ ________________ ___________<br>(Кызматы) М.О. (Аты-жөнү) | Пайдалануучу<br>____________________________________________<br>____________________________________________<br><br>Дареги:______________________________________<br>ИНН:________________________________________<br>Телефон:_____________________________________<br>Факс:________________________________________<br>E-mail: ____________________<br><br>_______________________/_____________/<br>М.О. |

_______________ Лицензиялык келишимге тиркеме

**Белгиленген коюмду эсептеп чыгаруунун**
**ТАРТИБИ**

_______________________________________________________________________________

*(ишкананын, мекеменин аталышы)*

_______________________________________________________________________________

(*дареги, телефону*)

Кыргыз Республикасынын өкмөтүнүн 2002-жылдын 22-июлундагы №488 токтому менен бекитилген "Автордук укук жана чектеш укуктар объектилерин пайдалануу үчүн автордук сый акынын минималдык коюму жөнүндө" Жобосуна ылайык автордук сый акынын белгиленген коюмунун суммасы төмөндөгү эсеп-кысаптар аныкталган:

(N) отургузуучу орундардын саны _______________________________________________
(Сб) базалык коюм ________________________________________________________
(Км) төлөөчөнүн жайгашкан жеринин коэффициенти _________________________________
(Кк) тейлөө класстуулугунун коэффициенти _____________________________________
(Ко) «караоке» техникалык каражаттарынын жардамы менен музыкалык чыгармаларды аткаруу үчүн коэффициент ______________________________________________________________
(Кж) "жандуу" аткарууда музыкалык чыгармаларды пайдалануу үчүн коэффициент _______________________________________________________________________________

**С = Сб х Км х Кк х Ко х Кж = ________________________________________________**

Белгиленген коюмдун суммасынын бардыгы төмөндөгүнү түзөт:

_______________________________________________________________________________

*Сумманы сөз менен жазуу*

________________________________________ ________________

*Пайдалануучунун аты-жөнү* *колу*

________________________________________ ________________

*Инспектордун аты-жөнү* *колу*

Датасы «_____»___________ 20___-жыл.